**ЧЫГЫШ ТААНУУНУН МАСЕЛЕЛЕРИ**

ВОПРОСЫ ВОСТОКОВЕДЕНИЯ

ISSUES OF ORIENTAL STUDIES

**e-ISSN: 1694-8653**
№2/2025, 330-335

**УДК:**
**DOI:** 10.52754/16948653_2025_2_40

# ЯПОН-КЫТАЙ КОНФЛИКТТЕРИ: ТАРЫХЫ ЖАНА УЧУРДАГЫ АБАЛЫ

ИСТОРИЯ И СОВРЕМЕННОЕ СОСТОЯНИЕ ЯПОНО-КИТАЙСКИХ КОНФЛИКТОВ

HISTORY AND CURRENT STATE OF THE SINO-JAPANESE CONFLICTS

**Аттокурова Элида**
*Аттокурова Элида*
*Attokourova Elida*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*Master's student, Osh State University*

# ЯПОН-КЫТАЙ КОНФЛИКТТЕРИ: ТАРЫХЫ ЖАНА УЧУРДАГЫ АБАЛЫ

**Аннотация**

Бул илимий макалада Япония менен Кытайдын ортосундагы тарыхый жана азыркы саясий мамилелердин татаалдыгы ар тараптуу каралат. Айрыкча, XIX кылымдын аягында чыккан Биринчи Сино-япон согушу (1894-1895) менен XX кылымдагы Экинчи Сино-япон согушунун (1937-1945) себептери, жүрүшү жана жыйынтыктары терең талданат. Бул согуштар Чыгыш Азиядагы саясий картага олуттуу өзгөрүүлөрдү киргизип, эки мамлекеттин ортосундагы узак мөөнөттүү карама-каршылыктардын негизин түзгөн. Мындан тышкары, макалада Диоюйдао (Сенкаку) аралдары боюнча бүгүнкү күнгө чейин уланып келе жаткан аймактык талаштын тарыхый жана геосаясий аспекттери изилденет. Бул талаш Япония менен Кытайдын ортосундагы дипломатиялык чыңалуунун булагы гана болбостон, Чыгыш Азия аймагындагы жалпы регионалдык коопсуздукка жана эл аралык мамилелерге да терс таасир тийгизип келет. Макаланын негизги максаты — япон-кытай конфликттеринин тарыхый тамырларын жана алардын азыркы күндөгү көрүнүштөрүн илимий негизде талдоо, ошондой эле бул жаңжалдардын регионалдык жана глобалдык деңгээлдеги маанисин ачып берүү. Изилдөөдө тарыхый документтер, архивдик маалыматтар жана азыркы учурдагы саясий процесстерге баа берүүчү илимий булактар колдонулган.

***Ачкыч сөздөр:*** Япон-кытай мамилелери, Сино-япон согуштары, Диоюйдао (Сенкаку) аралдары, геосаясий талаш, Чыгыш Азия, аймактык коопсуздук

## *ИСТОРИЯ И СОВРЕМЕННОЕ СОСТОЯНИЕ ЯПОНО-КИТАЙСКИХ КОНФЛИКТОВ*

**Аннотация**

В данной научной статье всесторонне рассматриваются исторические и современные политические отношения между Японией и Китаем. Особое внимание уделяется причинам, ходу и последствиям Первой Сино-японской войны (1894–1895) конца XIX века и Второй Сино-японской войны (1937–1945) XX века. Эти войны внесли значительные изменения в политическую карту Восточной Азии и заложили основу длительного соперничества между двумя странами. Кроме того, в статье исследуются исторические и геополитические аспекты территориального спора вокруг островов Дяоюйдао (Сенкаку), продолжающегося по сей день. Этот спор является не только источником дипломатической напряжённости между Японией и Китаем, но и оказывает негативное влияние на региональную безопасность и международные отношения в Восточной Азии. Основная цель статьи — научный анализ исторических корней и современных проявлений японо-китайских конфликтов, а также выявление их значения на региональном и глобальном уровнях. В исследовании использованы исторические документы, архивные материалы и современные научные источники, оценивающие текущие политические процессы.

***Ключевые слова:*** японо-китайские отношения, Сино-японские войны, острова Дяоюйдао (Сенкаку), геополитический спор, Восточная Азия, региональная безопасность

## *HISTORY AND CURRENT STATE OF THE SINO-JAPANESE CONFLICTS*

**Abstract**

This scientific article provides a comprehensive analysis of the historical and current political relations between Japan and China. Special attention is given to the causes, developments, and consequences of the First Sino-Japanese War (1894–1895) in the late 19th century and the Second Sino-Japanese War (1937–1945) in the 20th century. These wars significantly reshaped the political map of East Asia and laid the foundation for long-term rivalry between the two nations. In addition, the article explores the historical and geopolitical aspects of the ongoing territorial dispute over the Diaoyu (Senkaku) Islands. This conflict not only fuels diplomatic tensions between Japan and China but also negatively affects regional security and international relations in East Asia. The main purpose of the article is to scientifically analyze the historical roots and modern manifestations of the Japan–China conflicts, as well as to assess their significance at both regional and global levels. The study is based on historical documents, archival data, and scholarly sources evaluating current political processes.

***Keywords:*** Japan-China relations, Sino-Japanese wars, Diaoyu (Senkaku) Islands, geopolitical dispute, East Asia, regional security

**Киришүү**

Япония менен Кытайдын ортосундагы тарыхый мамилелер татаал жана көп кырдуу мүнөзгө ээ. Бул эки мамлекеттин өз ара карым-катнаштары кээде соода, маданий жана дипломатиялык алакалар аркылуу өнүксө, кээде куралдуу кагылышуулар жана аймактык талаштар менен мүнөздөлүп келген. Айрыкча XIX кылымдын аягынан баштап бул мамиле геосаясий жана аскердик карама-каршылыктар менен коштолуп, бүткүл Чыгыш Азия аймагына олуттуу таасирин тийгизген.Биринчи (1894–1895) жана Экинчи (1937–1945) Сино-япон согуштары Япония менен Кытайдын глобалдык ролу үчүн күрөшүнүн эң чоң көрүнүшү болуп саналат. Бул согуштардын натыйжасында аймактык чек аралар өзгөрүп, миллиондогон адамдар каза болгон жана эки мамлекеттин ортосунда терең недоверие орногон. Бүгүнкү күнгө чейин уланган Диоюйдао (Сенкаку) аралдары боюнча талаш дагы ушул тарыхый контексттин уландысы катары каралат.Бул макалада япон-кытай кагылыштарынын негизги этаптары, алардын себептери жана натыйжалары, ошондой эле учурдагы абалы илимий негизде талданып, эки мамлекеттин ортосундагы узак мөөнөттүү чыңалуунун тарыхый-геосаясий себептери изилденет.

Тарыхый өнүгүү (1894–1895)

XIX кылымдын аягында Кытай Цин династиясынын башкаруусунда турган, бирок ички саясий туруксуздук жана батыш державаларынын басымы анын эл аралык аренадагы таасирин алсыраткан эле. Ал эми Жапония Мэйдзи реформасынын негизинде батыштык технологияны, аскердик түзүмдөрдү жана саясий институттарды активдүү өздөштүрүп, жаңы индустриалдык жана аскердик державага айланып бараткан.

Биринчи Сино-япон согушу негизинен Кореянын үстүнөн таасир талашуу маселесинен улам чыккан. Корея ошол учурда Цин династиясынын вассалы болуп саналган, бирок Жапония аны өзүнүн стратегиялык таасир чөйрөсүнө кошкусу келген. 1894-жылы Кореяда чыккан Донхак дининдеги крестьяндардын көтөрүлүшүн басуу үчүн Кытай аскерлерин жиберет. Бул кадамды шылтоо кылып, Жапония да өз аскерлерин жөнөтөт жана конфликт ачык согушка айланат. Согуш 1894-жылдын июль айында башталып, негизги согуштук аракеттер сууга жана Корея жарым аралында жүргөн. Жапон флоту кытай флотун Пхеньян жана Ялу дарыясы жанында ири жеңилүүлөргө учураткан. 1895-жылы жапон аскерлери Тайванга чейин жетип барган.

Согуштун натыйжасында 1895-жылы 17-апрелде Шимоносеки келишими түзүлгөн[1.90]. Бул келишим боюнча:

– Кытай Кореянын көз карандысыздыгын тааныган;

– Тайвань жана Пескадор аралдары Японияга өткөрүлүп берилген;

– Кытай Японияга 200 миллион лянь күмүш компенсация төлөөгө милдеттендирилген;

– Япон көпестери Кытайдын бир катар порт шаарларында соода жүргүзүүгө укук алышкан.

Бул согуш Жапонияны Азиядагы алдыңкы держава катары чыңдаса, Кытайдын аскердик жана саясий алсыздыгын көрсөтүп, эл аралык аренада аброюн төмөндөттү. Ошондой эле, бул жеңилүү Цин династиясынын ичиндеги саясий кризисти күчөткөн жана Кытайда кийинки реформалар менен революциялык кыймылдардын башталышына түрткү болгон.

Экинчи Сино-япон согушу (1937–1945)

Экинчи Сино-япон согушу — Япония менен Кытайдын ортосундагы эң масштабдуу жана кандуу куралдуу кагылыш болуп эсептелет. Бул согуш расмий түрдө 1937-жылдын 7-июлунда Лугоуцяо инциденти (Марко Поло көпүрөсүндөгү окуя) менен башталып, 1945-жылы Япониянын капитуляциясы менен аяктаган. Бул кагылышуу Экинчи дүйнөлүк согуштун Азия-Тынч океан фронтунун негизги бөлүгү катары каралат.Япония 1931-жылы Манчжурияны басып алып, ал жерде марионеткалык Манчжоу-го мамлекетин түзгөн. Бул агрессияга эл аралык коомчулуктун реакциясы өтө алсыз болгондуктан, Жапония өз экспансиясын улантууну чечет. Лугоуцяо инциденти Жапония үчүн Кытайга карата кеңири масштабдагы аскердик операцияларды баштоого шылтоо болуп берген.1937-жылдын аягына чейин Жапон аскерлери Пекин, Тяньцзинь жана Шанхайды басып алышкан. 1937-жылдын декабрында Нанкин шаары жапондор тарабынан ээленип, ал жерде тарыхка Нанкин кыргыны катары кирген кыргын-сүргүн болгон.[2.360] Расмий кытай булактары боюнча, 300 миңге чейин тынч жашоочулар жана туткундалган аскерлер жапон аскерлеринин колунан набыт болгон. Бул окуя Япония-Кытай мамилелеринин тарыхындагы эң чоң трагедиялардын бири болуп кала берүүдө.Согуштун баштапкы этаптарында Жапония аскердик жактан үстөмдүк кылган. Бирок 1939-жылдан кийин Кытайдын ички фронтунда улуттук биримдик күч алып, Чан Кайши жетектеген Гоминдан менен Мао Цзэдун башкарган коммунисттер өз ара келишим түзүп, жапондорго каршы күрөштү бириктиришкен.Согуш учурунда Кытай АКШ, Улуу Британия жана СССРден кеңири жардам алган. 1941-жылы Япония Перл-Харборго чабуул койгондон кийин, АКШ Экинчи дүйнөлүк согушка кирип, Азия фронтунда да активдүү аракеттерди баштаган. 1945-жылы Хиросима жана Нагасакиге атомдук бомбалардын ташталышы, ошондой эле СССРдин Японияга каршы согушка кириши Жапонияны багынууга мажбур кылган. Ошентип, Экинчи Сино-япон согушу да соңуна чыккан.Бул согуш 30 миллиондон ашуун кытай жаранынын өмүрүн алган. Экономикалык, инфраструктуралык жана маданий жоготуулар опсуз чоң болгон. Япония согуштан кийин оккупацияланып, Конституциясы өзгөртүлүп, аскердик аракеттерден баш тартууга мажбур болгон.Экинчи Сино-япон согушунун тарыхый мурасы бүгүнкү күнгө чейин Япония менен Кытайдын ортосундагы дипломатиялык чыңалуунун булагы болуп кала берүүдө. Айрыкча, Нанкин кыргыны боюнча расмий позициялардын айырмачылыгы, жапон лидерлеринин согуш убагындагы аракеттер үчүн кечирим сурабагандыгы жана окуяларды жапон окуу китептеринде бурмалоо — Кытай коомунда терең наразычылыкты жаратып келет. Диоюйдао (жапончо Сенкаку) аралдары — Чыгыш Кытай деңизиндеги талаштуу аймак, Япония менен Кытайдын ортосундагы узак мөөнөттүү геосаясий жаңжалдын булагы. Аралдар жети чакан аралдан жана бир нече жартас тектеринен турат. Бул аймак балык ресурстарына бай болуп, ошондой эле нефть жана газ запастары боюнча божомолдор бар.Кытай аралдарды тарыхый жактан өзүнө таандык деп эсептеп, Мин жана Цин династияларынын карталарына жана кеме навигациясына таянат. Ал эми Япония 1895-жылы Биринчи Сино-япон согушунан кийин бул аралдарды “ээси жок жер” катары өзүнүн аймагына кошуп алган[4.]]. 1972-жылы АКШ аскерий башкаруудан кийин аралдарды Японияга өткөрүп берген, бирок бул чечимди Кытай тааныган эмес.[5] Ошондон бери тараптар аймакта деңиз күзөттөрүн, учкучсуз дрондорду жана аскерий кемелерди жайгаштырып, кырдаал чыңалуу абалында калууда. Диоюйдао маселеси Япония-Кытай мамилелериндеги негизги тоскоолдуктардын бири болуп калууда.

Япония менен Кытайдын ортосундагы тарыхый жаңжалдар бүгүнкү күндө да дипломатиялык жана аскердик чыңалуунун негизги себептеринин бири бойдон калууда. Аймактык талаштар, тарыхты ар башкача интерпретациялоо жана региондогу геосаясий үстөмдүк үчүн күрөш эки мамлекеттин мамилесине терс таасирин тийгизип келет.Акыркы жылдары Диоюйдао (Сенкаку) аралдарынын тегерегинде жапон жана кытай аскер-деңиз күчтөрүнүн активдүүлүгү кыйла жогорулаган. Ар эки тарап да аймакка аскерий кемелерди, учкучсуз учуучу аппараттарды жана күзөттүк учактарды жөнөтүп, абалды курчутуп келет. Бул аракеттер региондогу коопсуздукка коркунуч жаратып, кошуна мамлекеттер менен АКШ сыяктуу дүйнөлүк державалардын тынчсызданууусуна себеп болууда.Кытай Эл Республикасы өзүнүн эгемендүүлүгүн коргоо максатында аскердик кубатын чыңдап, деңиздеги операцияларын кеңейтүүдө. Ал эми Япония АКШ менен аскердик альянсын бекемдөө аркылуу өзүнүн аймактык бүтүндүгүн сактап калууга аракет кылууда. Бул абал ачык куралдуу жаңжалга алып келбесе да, региондо “муздак жаңжал” шартын түзүп турат. Тарыхый жаңжалдар дипломатиялык алакаларда да олуттуу тоскоолдуктарды жаратат. Япониянын согуш мезгилиндеги кылмыштары боюнча расмий кечирим сурабоосу жана айрым жапон саясатчыларынын согушту актоо аракеттери Кытайда терс реакция жаратып келет. Кытай бийлиги жарандык коомдо антижапондук маанайды колдоп, тарыхты эскерүү күндөрүн расмий деңгээлде өткөрүп турат. Ошол эле учурда, экономикалык көз карандылык эки тарапты дипломатиялык жолдор менен маселелерди чечүүгө мажбурлап келет. Япония менен Кытай — Азиядагы эң ири соода өнөктөштөрү, алардын ортосундагы экономикалык кызматташтык региондук стабилдүүлүк үчүн маанилүү роль ойнойт. Бул фактор эки мамлекетти түз диалогго, дипломатиялык сүйлөшүүлөргө жана аймактык тынчтыкты сактоого кызыкдар кылууда.

Эл аралык коомчулуктун позициясы

Япония менен Кытайдын ортосундагы тарыхый жана аймактык талаштарга байланыштуу чыңалуу эл аралык коомчулуктун да көңүл борборунда болуп келет. Өзгөчө, Чыгыш Кытай деңизиндеги Диоюйдао (Сенкаку) аралдары боюнча талаш көп тараптуу кызыкчылыктарды жаратып, дүйнөлүк державалардын расмий позициясын билдирүүсүнө себеп болгон.Америка Кошмо Штаттары Япониянын башкы аскердик өнөктөшү катары бул талашта маанилүү роль ойнойт. АКШ расмий түрдө аралдардын эгемендүүлүгүн тааныбайт,[6] бирок аларды Япониянын башкаруусундагы аймак катары карап, АКШ–Япония коопсуздук келишиминин 5-беренесине ылайык, бул аймактарга жасалган чабуул Японияга каршы чабуул катары кабыл алынаарын билдирип келет. Бул билдирүүлөр Кытай тараптан кескин сынга алынган.Бириккен Улуттар Уюму (БУУ) бул маселе боюнча расмий позиция билдирген эмес, бирок аймактык талаштарды тынчтык жолу менен, эл аралык укуктук нормаларга таянып чечүүгө чакырып келет. БУУнун деңиз укугу боюнча конвенциясы (UNCLOS) аймактык суулар жана экономикалык аймактар тууралуу жоболорду камтыганы менен, аралдардын таандыктыгы боюнча чечим чыгаруу укугуна ээ эмес. Кошуна өлкөлөр — Түштүк Корея, Тайвань жана Филиппин сыяктуу мамлекеттер да бул талашты этияттык менен байкап турушат, анткени аймактагы тең салмактуулукка залакасы тийиши мүмкүн. Тайвань өз кезегинде Диоюйдао аралдарына болгон дооматын карманып келет, бирок бул позиция дүйнөлүк деңгээлде кеңири таанылган эмес. Көптөгөн эл аралык эксперттер Япония менен Кытайдын ортосундагы бул талаштын чечилиши эки тараптын саясий эркине жана компромисске барууга даярдыгына байланыштуу экенин белгилешет. Ошол эле учурда,

аймактагы аскердик активдүүлүк жана улутчул риторика эл аралык коомчулукту тынчсыздандырып, конфликттин күчөшүнө жол ачпашы керектиги баса белгиленет.

Япония менен Кытайдын ортосундагы тарыхый жаңжалдар, айрыкча Сино-япон согуштары жана Диоюйдао (Сенкаку) аралдары боюнча талаш, бүгүнкү күндө да эки өлкөнүн дипломатиялык жана аскердик мамилесине олуттуу таасир этүүдө. Бул талаштар жөн гана тарыхый эстелик эмес, учурдагы геосаясий жана экономикалык атаандаштыкка айланып калган.Изилдөө көрсөткөндөй, аймактык чыңалуунун себептери — тарыхый мурас, улуттук кызыкчылыктар, стратегиялык жайгашуу жана табигый ресурстар менен тыгыз байланышта. Бул факторлор тараптарды кээде ачык конфронтацияга, кээде дипломатиялык диалогго мажбур кылат.Ошондой эле эл аралык коомчулуктун ролу — аймактагы туруктуулукту сактоодо, конфликтти дипломатиялык жол менен жөнгө салууга багытталган аракеттерди колдоодо маанилүү бойдон калууда. АКШ, БУУ жана башка мамлекеттердин позициясы бул маселенин глобалдык мүнөзгө ээ экенин далилдейт.Жыйынтыктап айтканда, Япония менен Кытайдын ортосундагы бул жаңжалды чечүү — региондук коопсуздук жана эл аралык тынчтык үчүн маанилүү. Буга эки тарап тең саясий эрк, өз ара түшүнүшүү жана конструктивдүү диалог аркылуу гана жетише алат.

**Колдонулган адабияттар**


1. Beasley, W.G. The Rise of Modern Japan. London: Palgrave Macmillan, 2000.
2. Fairbank, J.K., Goldman, M. China: A New History. Cambridge: Harvard University Press, 2006.
3. Hsiung, J.C., Kim, T. China and Japan at Odds: Deciphering the Perpetual Conflict. Palgrave Macmillan, 2007.
4. Ministry of Foreign Affairs of Japan. Japan-China Relations. MOFA.go.jp.
5. Ministry of Foreign Affairs of the People’s Republic of China. China’s Position on the Diaoyu Islands.
6. BBC News. “Why are China and Japan sparring over islands?” 2023.
7. Экономические преобразования в Японии 80-е годы XX века / Ч. Т. Сатыбалдыева, Н. Арзыкул Кызы, Г. Таир Кызы, Д. З. Имадинова // Вопросы востоковедения. – 2022. – № 1. – С. 100-104. – DOI 10.52754/16948653_2020_1_18. – EDN OSVJIJ.
8. Эралиева, Ы. С. Японская поэзия: уникальность и иноязычные трансляции / Ы. С. Эралиева // Вопросы востоковедения. – 2022. – № 1. – С. 134-140. – DOI 10.52754/16948653_2020_1_24. – EDN KCYRJO.
9. Култаев, А. К. Даосизм в Китае: от секты до признанной религии страны / А. К. Култаев, Т. М. Зурудинов // Вестник Ошского государственного университета. – 2021. – Т. 1, № 3. – С. 241-245. – DOI 10.52754/16947452_2021_1_3_241. – EDN RPWUKJ.